**УДК 321 (2КИ)**

***Султанова А.***
*КГУ им. И. Арабаева*
*Бишкек, Кыргызстан*
***A. Sultanova***
*I. Arabaev KSU*
*Bishkek, Kyrgyzstan*

# КӨЗ КАРАНДЫСЫЗ МАМЛЕКЕТТЕР ШЕРИКТЕШТИГИНИН АЛКАГЫНДАГЫ КЫРГЫЗСТАНДЫН ЭКОНОМИКАЛЫК ИШМЕРДҮҮЛҮГҮ

# ЭКОНОМИЧЕСКАЯ ДЕЯТЕЛЬНОСТЬ КЫРГЫЗСТАНА В СОДРУЖЕСТВЕ НЕЗАВИСИМЫХ ГОСУДАРСТВ

# THE ECONOMIC ACTIVITY OF KYRGYSTAN IN THE COMMONWEALTH OF INDEPENDENT STATES

***Аннотация:*** Макалада көз карандысыз мамлекеттер шериктештигинин алкагындагы Кыргызстандын шериктеш мамлекеттер менен болгон соода-экономикалык алакалары, көйгөйлүү маселелери жана экономикалык кызматташтыкты мындан ары өнүктүрүү багыттары каралды.

***Негизги сөздөр:*** Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги; Кыргызстан; экономика; экспорт; импорт; соода; экономикалык байланыш.

***Аннотация:*** В статье рассматриваются торгово-экономические отношения, рассмотрены проблемные вопросы и направления дальнейшего развития экономического сотрудничества Кыргызстана с государствами Содружества в рамках СНГ .

***Ключевые слова:*** Содружество независимых государств; Кыргызстан; экономика; экспорт; импорт; торговля; экономические связи.

***Annotation:*** The article deals with trade and economic relations, considers problematic issues and directions of further development of economic cooperation between Kyrgyzstan and the Commonwealth within the CIS .

***Key words:*** Commonwealth of independent States; Kyrgyzstan; economy; export; import; trade; economic relations.

Көз карандысыз мамлекеттер шериктештиги (КМШ) бирдиктүү мамлекеттен көз каранды эмес улуттук мамлекеттердин жаңы биримдик системасына жаңжалсыз өтүүсүн камсыз кылган институту катары белгилүү. Кыргызстан үчүн башкы региондук артыкчылыктуу багыт – тарыхый-маданий, геосаясий, экономикалык, гуманитардык жагдайлардан улам – постсоветтик мейкиндик болуп эсептелет. Кыргызстан КМШнын аракеттеги механизминин чыңдалышына жана өнүгүшүнө, ыктыярдуулуктун жана тең укуктуулуктун принциптеринде жигердүү интеграциялык бирикмеге айланышына кызыкдар.

Кыргыз Республикасынын соода шарты КМШ мамлекеттери арасынан абдан либералдуу болуп саналат. Бул жерде эркин соодага тоскоолдук кыла турган, жеке же артыкчылыктуу укуктары бар мамлекеттик ишканалар жок. Лицензиялоо экспорттолгон жана импорттолгон товарлардын айрым түрлөрүнө карата колдонулат [7, 45].

Дүйнөлүк тажрыйбада белгилүү болгондой, мындай товарлардын тизмесинде курал-жарак, дары-дармек, баалуу металлдар жана искусство эмгектери бар. Импорттолгон товарларга 10 пайыздык салык чегерилет. 1 млрд АКШ долларына жеткен тышкы соодада, аны көлөмүн өстүрүү багытында либералдык соода тартиби маанилүү болуп эсептелет. Кыргызстан Казакстан, Тажикстан, Беларусь жана Россия Федерациясындай эле Евразиялык экономикалык кошуунунун алкагындагы эл аралык экономикалык уюмдар жана чет элдик инвестицияларга бирдей мүмкүнчүлүгү бар жалпы төлөм системасына ээ. 1998-жылы Кыргызстан Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна кириши менен өлкөнүн тышкы соода

байланышы жанданган. Анын жыйынтыгында өкмөт өзүнө баа чен өлчөмүн арзандатуу жоопкерчилигин алган. Мындан сырткары, Кыргызстан бир катар товардын, мисалы авиациялык техника, электроника, эмерек, оюнчук, жыгачты иштетүү жана башкалардын наркын арзандаткан, «нолдук» тармактагы келишимдерге кошулган. Бүткүл дүйнөлүк соода уюмуна мүчө катары бардык мамлекеттерде кыргыз экспорту эң эле шарты ыңгайлуу тартипти пайдаланат. Кыргызстан дүйнөлүк рынокко электрэнергия, алтын, сөңгөк, жүн буюмдарын, пахтадан жасалган кездемелерди, тамеки, сурьма жана сымапты чыгарат. Ал энергетикалык ресурстардын, мунай-зат, табигый отун, көмүр, жер семирткич жана башка химиялык заттардын, унаа жана жабдуулары, транспорттук каражаттар менен тетиктери, тиричилик шаймандары боюнча импортер болуп саналат. Өкмөт КМШнын башка мамлекеттери, Россия, Казакстан, Тажикстан, Өзбекстан, Беларусь, Украина менен соода жана экономикалык мамилерин өнүктүрүү боюнча иштөөдө. КМШ өлкөлөрүнөн сырткары Кытай, Германия, Швейцария, Турция, Улуу Британия, АКШ башкы өнөктөштөрү. Сырткы соодада Кыргызстан соңку жылдары Борбордук Азияга жана Россияга кытай товарларын кайра экспорттоо борбору болуп калгандыгы маанилүү фактор болуп саналат. Бүткүл дүйнөлүк банктын эксперттеринин баамында, кыргыз соодагерлери товарды ылайыктуу баада сатып алуу боюнча жана аларга суроо-талапты аныктоодо Борбор Азиядагы башка мамлекеттердеги өнөктөштөрүнөн атаандаштыгы жагынан алдыда. 2008-жылы Кыргызстандын эки ири базарлары аркылуу товарлардын дүңүнөн сатылган көлөмү 2,7 млрд АКШ долларына бааланган. 2009-жылы тышкы экономикалык ишмердүүлүк төмөнкү мамлекеттер менен кызматташуунун таасирин күчөтүүгө багытталган. Алар: Казахстан, Кытай, Азербайжан, Турция, Иран, Малайзия, АКШ, Өзбекстан, Тажикстан ж.б., мындан сырткары экономикалык биримдикке кирген өлкөлөр: КМШ, ЕврАзЭС, ШКУ [5, 52].

2009-жылы тышкы соода көлөмдөрүнүн бир кыйла азайышы дүйнөлүк каржы капаатынын таасиринин себебинин артында болгону бышык. Ошондуктан көпчүлүк өндүрүш ишканалардын негизги өнөктөштөрүнүн (Россия, Казакстан) продукцияларынын сатылышы начар болуп, төлөөгө чамасы болбой калгандыктан токтоп туруп калган [3, 62].

Ири өндүрүш ишканаларынын айласыз иштей албай турганын өзү, өндүрүш үчүн керек болгон отун-энертикалык ресурстун импортуна суроо-талапты азайткан. Сырткы соодадагы кризистин кесепеттерин төмөндөтүү үчүн бир катар чаралар көрүлгөн. Ал тышкы экономикалык ишмердиктин катышуучулары үчүн тышкы соода операцияларын жүргүзүүдө, убакытты кыскартуу жана чыгымдарды азайтуу багытында укуктук-нормативдик базаны жакшыртуу жана кеңейтуу болгон. Ошондой эле, тышкы соода тармагында «бирдиктуу терезе» негиздерин ишке киргизүү аракеттери жүрүп, КРнын экономика министрлигинин алдында «Тышкы соода чөйрөсүндө бирдиктүү терезе борбору» МИ уюштурулган. Бул чаралардын баары сырткы соодадагы тоскоолуктарды кыскартуу, оптималдаштыруу менен жөнгө салууга багытталган. Бул өз кезегинде тышкы экономикалык байланыштар кеңейтүү артында акырындап мамлекеттин экспорттук жөндөмүн жогорулатуу болуп саналат [1, 2]. 2010-жылдын январь-май айларындагы экспорттук ташуулар 2009-жылга салыштырмалуу 38,7% өсүп, 639,8 млн АКШ долларын түздү. Соода-сатык дүйнөнүн 108 мамлекети менен жүргүзүлгөн. Товарлар 63 мамлекетке ташылып, бирок экспорттун негизги көлөмү БАЭ (37,4%), Россия (14,5%), АКШ (12,4%), Швейцария (11,2%), Казакстан (7,5%), Франция (3,3%) жана Өзбекстанга (2,6%) чыгарылган. БАЭ экспорттук алтынды ташуу эсебинен, АКШга органикалык эмес химиялык заттарды чыгаруу менен жүргүзүлгөн. 2010-жылдын январь-май айларындагы импорттук кирешелер 2009-жылга салыштырмалуу 2,6% өсүп, 1143,4 млн АКШ долларын түзгөн. Товарлар негизинен Россия, Кытай, Казакстан, Өзбекстан, АКШ, Турция жана Германияга импорттолгон [8, 3].

Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештиги (КМШ) деп аталган постсоветтик мамлекеттердин өкүлдөрүнүн катышуусунда жогорку деңгээлде өткөн акыркы жолугушууда иш-чаранын катышуучулары келерки жылы эркин соода аймагын түзүү боюнча келишимге кол коюуга милдеттеништи. Бирок КМШнын эркин соода аймагын (ЭСА) түзүү боюнча

келишим айрым мамлекеттер тарабынан дагы деле ратификациялана элек, ал эми КМШнын башка бир мүчөлөрү келишимди колдоону создуктуруп жатышат.

27-29-сентябрда Ялтада өткөн КМШнын өкмөт башчыларынын жолугушуусунда Украинанын премьер-министри Н. Азаров КМШнын бардык мамлекеттерин ЭСАнын келишимине кошулууга чакырды. Ал «эркин соода аймагы боюнча келишим 2013-жылдын башында ишкер кирет го» деп, үмүттөнөөрүн айтты. Курамына мурдагы советтик 11 республика кирген КМШ мамлекеттеринин өкмөт башчылары өз топторун жашоого жөндөмдүү мекеме катары элестетүүгө умтулушту. Россиянын өкмөт башчысы Д. Медведев КМШнын пайдасыздыгы жөнүндөгү ой жорууларды негизсиз деп атады [4, 132].

Ялта форумунда Д. Медведев: «КМШнын эркин соода аймагы Дүйнөлүк соода уюмунун (ДСУ) принциптерине негизделген, натыйжалуу институт болот», – деп, айтты. Д. Медведев белгилегендей, ЭСА боюнча келишим Россия, Беларусь, Армения жана Молдова тарабынан ратификацияланды. Ошондой эле Россиянын өкмөт башчысы башка мамлекеттерди ушул келишимге биригүүгө чакырды. Былтыр, 18-октябрда Санкт-Петербург шаарында болгон жолугушуунун маалында Армения, Беларусь, Казакстан, Кыргызстан, Молдова, Россия, Тажикстан жана Украина эркин соода боюнча жаңы келишимге кол коюшкан. Ошол эле маалда Азербайжан, Өзбекстан менен Түркмөнстан ЭСАга киришкен эмес. Эркин соода боюнча жаңы келишим 1994-жылы түзүлгөн мурдагы келишимди алмаштырды. Ошого карабай, биринчи келишим КМШнын көп мамлекеттери, анын ичинде Россия тарабынан дагы ратификацияланган эмес. Россиянын жогорку даражалуу аткаминерлери «эркин соода боюнча келишим ДСУнун принциптери менен нормаларына карама-каршы келбейт, анткени Армения, Кыргызстан, Молдова жана Украина дагы ДСУнун мүчөсү» дегенди айтып чыгышкан [2, 3].

Россия өз кезегинде план боюнча жаңы Евразиялык экономикалык альянска өсүп кетиши керек болгон, Беларусь жана Казакстан менен түзүлгөн Бажы Биримдигин иштетип кетүүгө далбас урууда. Бирок ошентсе да, Россиянын удаа-удаа чакырыктарына карабай, КМШнын башка катышуучулары, айрыкча Украина, Бажы Биримдигине кирүүгө анча деле кызыкдар болбогонун билдирүүдө. Ялтадагы жолугушууда КМШ ЭСАнын мындан аркы экспансиясын колдоду: жолугушууда Өзбекстан дагы болжолу ЭСАга кире турган кыяс көрсөттү окшойт. КМШ мамлекеттеринин өкмөт башчылары мындан тышкары маалымат технологиялары, «Мир-24» биргелешкен телеканалын өнүктүрүү жана башка тармактарда кызматташтыкты кеңейтүү боюнча долбоорлорду кабыл алышты. Алар ошондой эле 2013-жылы да абадан коргонуунун биргелешкен системасын каржылоону улантууну чечишти [6, 23].

Россиялык ММК жазгандай, КМШга мүчө болуу айрым мамлекеттер үчүн абдан деле түйшүктүү эмес. Россиянын «Коммерсант» гезити КМШ мамлекеттери бир аз өлчөмдөгү «мүчөлүк акы» төлөөнү улантуу тууралуу чечим кабыл алышканын жазды. 2013-жыл үчүн Россия 429 млн рубль, (13.9 млн доллар), Украина 69 млн рубль, Казакстан – 52 млн рубль, Беларусь – 30 млн рубль, Түркмөнстан – болгону 785 миң рубль төлөшү керек [8, 2]. Медведев ошол эле маалда мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, россиялык рублди резервдик валюта катары киргизүүгө аракет кылды.

КМШ постсоветтик дипломатияда маанилүү элемент бойдон калып жатканына карабай, аткаминерлер КМШдан күткөн нерселер чектелүү болуп калганына макул болушту. Мисалы, Ялта жолугушуусуна КМШнын Мунай жана газ боюнча кеңешинин ишин токтотуу жөнүндө чечим кабыл алынды. Ал 1993-жылы энергоресурстар боюнча маселеге талкуу жүргүзүш үчүн түзүлгөн, бирок кеңеш 2003-жылдан тартып ишсиз калган.

Анан калса, акыркы жылдары КМШнын жогорку деңгээлдеги жолугуушуулары кээ бир мамлекеттер тарабынан четке кагылган учурлар болгон. 2011-жылы Тажикстан өзүндө КМШнын саммитин өткөрүп, ага Азербайжан, Беларусь жана Өзбекстандын башчылары келишкен эмес. Айрым башчылардын жыйынга катышпаганы кээ бир мамлекеттер КМШны приоритет катары санабай калышканына далил болот. КМШнын кезектеги жыйыны 2012-жылы ноябрда Ашгабадда өтүлгөн. Бул жолугушуу КМШнын абалын бекемдейби же жокпу – байкап туруу гана калды.

Ошол эле маалда Россия өлкөлөр арасында көбүрөөк тыгыз экономикалык байланыштарды түзүүгө тырышып аракет кылып жаткан кезде, КМШ менен ЭСА боюнча жаңы келишим бул максатка жетүүнүн куралы болуп калмакчы. Бирок Россиянын КМШ мамлекеттерин экономикалык интергациянын тыгызыраак формаларына тартуу тууралуу тынбай жасаган аракетин азырынча ийгилик коштой элек.

Жыйынтыктап айтсак, Кыргызстандын КМШ мамлекеттери менен экономикалык байланыштары геосаясий алкактан алганда эң эле приоритеттүү багыттардын бири болуп саналат. Кыргыз мамлекети экспортту жөнгө салып, соода-экономикалык байланыштарын ар тараптуу өнүктүрсө саясий-экономикалык кадыр-баркы эл аралык аренада бир топ эле жогоруламак.

**Адабияттар:**


1. Акаев А. Экономикалык биримдик тилектештикти бекемдейт // Кыргыз Туусу. 1994. 19-апрель.
2. Кунакунов М. Россия менен кызматташтыкта Кыргызстандын кызыкчылыгы зор // Кыргыз Туусу. 2009. 25-сентябрь.
3. Кротов М. И. Межпарламентское сотрудничество и формирование экономического союза в СНГ. СПб., 2013.
4. Коротченя И.М. Стратегия и перспективы формирования экономического союза стран СНГ. СПб., 2005.
5. Мусатов В. Экономический союз // Обозреватель. М., 2013. №28.
6. Орехов Р. Правовые и информационные проблемы создания единого экономического пространства СНГ // Правовое обеспечение процессов информатизации. М., 2014.
7. Постсоветская Центральная Азия: стратегия и приоритеты экономического развития. Алматы,1994.
8. Темиров Т. Орто Азия – бир тууган элдердин мекени //Эркин-Тоо. 2014. 9-сентябрь.


**Рецензент:** *тарых илимд. канд., доценттин м.а. Сабиров Р. К.*